**Мотт багы, Норманд мунарасы, Виндзор сепили**

Сиздер көрүп турган көз жоосун алган Мот багы болжолу менен бир миң жыл мурун Вильгельм Баскынчы үчүн Саксон жумушчулары тарабынан коргоочу аң катары казылып өз жашоосун баштаган. 1066-жылы, Англияны басып алгандан кийин Вильгельмге коргонуу максатында дөңдүн үстүндө өз сепилин борбордук мунарасын куруу керек болгон. Адатта сууга толгон, айланасында пайда болгон кургак аңды мезгил өткөн соң ушунчалык деңгээлде жапайы чөп басып кеткендиктен, 1319-жылы, айланасын чалкандан тазалоо үчүн күнүнө беш аялга бир пенниден төлөнгөнү маалымат катары сакталып калган.

Англиянын отурукташуусу кулач жайып, коргонууга муктаждыгы азайган соң, бакчалар дагы да кооз боло баштап Мотт багы дагы өз өмүрүн сүрө баштаган. Шотландиянын Джеймс I, жаштыгында сепилде камалып отурган кезде жазылган ырларында Сомерсет графынын кызы, леди Джоан Бофорттун Мот багында сейилдеп жүргөнүнө көз салып жүргөндүгү тууралуу жазып чыккан. Ага ашык болуп калган соң, чыныгы романтик экендигин далилдеп, Виндзор сепилинен бошотулуп Шотландияга кайтуудан мурун аны менен баш кошот. Анын Виндзордогу изи Тегерек мунаранын четиндеги Гербере аттуу чакан жайкы үйдө тарыхта калган.

Бүгүнкү күндө, бак, байыркы таш фигураларына, горгульяларга жана чиркөөнүн символдоруна бай. Теги саксондук болгон эң байыркы таштардын кээ-бирлери Темза дарыясы аркылуу Рединг аббаттыгынан XVI-кылымда Генрих VIII королу тарабынан монастырлар жоюлуп талкалангандан кийин алынып келинген. Түштүк рокариясында Эдуард III королунун мунарасын тегеректеген оригиналдуу горгулияларды көрүүгө болот.

Мот багы Норманд мунарасында жашаган Виндзор сепилинин констебль жана губернаторунун жеке багы. Норманд мунарасы 1360-жылы курулган, 1588 жана 1748-жылдары оңдолуп жана акыры, Георгий IV королу тарабынан реконструкция жүргүзүлгөн учурда Уайаттвилл тарабынан готика стилине өзгөртүлгөн.

Бак азыркы формасын 20-кылымдын башында Норман мунарасында 20 жылдан ашык жашаган Эдуард VII королунун алдындагы жеке казынасынын сакчысы, генерал Сэр Дайтон Пробин тарабынан өзгөртүлгөндө алган. Ал, дөбөгө кайрадан террассалоону уюштуруп, жолдорду, газондорду жана шаркыратмалар, Сент-Джорддун үңкүрү, Фонтан террасасы, Анжир багы чатырчасы жана Акындар бурчу сыяктуу объекттерди курду. Ошондой эле, Сандрингемден кызыл-күрөң таштарды алып келген. Ал киргизген айрым өзгөчөлүктөр, алсак, пергола аллеялары жана Лаванда чыйыр жолу жоголуп кетсе дагы, анын негизги планировкасы сакталып калган. Жакынкы эле арада, 1993-жылы, Тегерек мунарада оңдоо иштери үчүн колдонулган крандын түбүн жабуу үчүн лилиялар өскөн көлмө жасалган. 1994-жылы, Пробиндин баштапкы долбоорунун бөлүгү болгон Тегерек мунарасына сүйөлгөн калка дагы калыбына келтирилген. Виндзор сепилинин кийинки бардык губернаторлору бүгүн сиздин алдыңызда кооз көрүнүштү жаратуу үчүн Мот багынын өнүгүүсүнө салым кошушту.

**МОТ БАГЫНАН ТҮШКӨН КАРАЖАТ ВИНДЗОР АЙМАГЫНДАГЫ КАЙРЫМДУУЛУК ЖАНА ЖАШТАР УЮМДАРЫНА ЖУМШАЛАТ**
*****